## III Айыл аймактын “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруунун тартиби

3.1 Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.2 “Эл сыймыгы жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгиси жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин чечими чыккандан кийин тапшырылат.

3. “Эл сыймыгы” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруу маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

Эгерде “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисине талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо:
*Талапкер боюнча ошол көчөдө жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтык протоколу же токтому;

*чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;

*коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кеңири маалыматты камтуу менен;

*өздүк баракчасы сүрөтү менен өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;

* мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота,орден, медаль,ардактуу наам ж.б.) ;

Эгерде “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисине талапкер мекеме, ишканалар тарабынан сунушталган болсо:

*эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун токтому;

*өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш ;

*“Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгиси берилүүчү адамдын айыл аймакка, анын айыл чарбасына сиңирген эмгектери, алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;

*өздүк баракчасы сүрөтү менен;

*эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

*паспортунун көчүрмөсү: